**Хасан Жээнбаев атындагы мектеп -лицейинин "Башталгыч класстар" усулдук бирикмесинин 2022-2023- окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында усулдук бирикмесинин жүргүзгөн иштеринин**

# АНАЛИЗИ

Окуу жылынын башында усулдук бирикменин 2022-2023-окуу жылы үчүн иш пландарын талкуулап, бекитилди. Усулдук бирикменин мугалимдеринин жумалык жүктөмү бөлүштүрүлүп берилди. Жаш мугалимдерге насаатчылар бекитилип, методикалык жардам көрсөтүлдү. УБмугалимдеринин КТП талкуулап,бекитип, аткарылышын көзөмөлдөдүк. Окууда өзгөчөлөнгөн жана сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучуларды аныктап, тактап, алар менен иш алып баруу пландарын түзүп, бекитип жана аткарылышын көзөмөлгө алынууда. Сентябрь айында кыргыз тил күнүнө, сабаттуулук күнүнө карата иш чаралар өткөрүлдү. Башталгыч класстын окуучуларынын окуу техникасы текшерилип жыйынтыгы чыгарылды.

Башталгыч класстардын декадасы өткөрүлдү. Мугалимдер өз сабактарында окутуунун инновациялык усулдарын колдонуу менен окуучуларды сабакка кызыктыра алышат.

"Окуу керемет!" долбоору боюнча ачык сабактар өтүлүп райондук усулканачылар катышып кетишти. 3 "Б" класста Асангазиева А. "Үч орундуу санда кошуу", Муратбек к. Б. 4-а класста "Көп орундуу сандарды 3 орундуу санга бөлүү" сыяктуу сабактар мактоого татырлык болду. 4 класстын окуучулары спектакль даярдашып башталгыч класстын окуучуларына тартуулашты.

BAALOO APP боюнча Токтобаева Дилбара доклад даярдап, усулдук бирикменин мүчөлөрү тарабынан талкууга алынды.

Жарым жылдык ичинде 1-2- чейректин жыйынтыктары чыгарып анализ берилди.

УБнын жетекчиси: Токтобаева Д.

Сканировано с CamScanner